ГНС

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2020-жылдын 18-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 8, 922-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 31-berененин 6-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 9-пункт менен толукталсын:

«9) майнингге салык.»;

2) Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 61-глава менен толукталсын:

«61-глава. Майнингге салык

396-берене. Ушул главада пайдаланылуучу түшүнүктөр жана терминдер

Ушул главада төмөнкү түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

1) **«Виртуалдуу актив»** – жарандык укуктардын объекти катары электрондук (санариптик) формада түзүлгөн, сакталган жана жүгүртүлгөн жана белгиленген тартипте эмиссияланган акча каражаты (валюта), баалуу кагаз же электрондук акча болуп саналбаган нарктын санариптик мааниси.

2) **«Майнинг»** – үзгүлтүксүз электр менен жабдууну камсыз кылууну талап кылган, пайдалануучулардын ортосунда жасалган операциялар жөнүндө маалыматты бөлүнгөн реестрге (мурдатан аныкталган эрежелерге жана принциптерге ылайык) киргизүү аркылуу транзакциялардын блокторунун реестринин (блокчейндин) иштешин камсыз кылуучу эсептөө операцияларын программалык-техникалык каражаттарынын жардамы менен жүзөгө ашыруу боюнча иш. Майнинг бөлүнгөн реестрде операциялардын жасалышын ырастоо үчүн сыйакы катары майнингди жүзөгө ашырган жактын ээлигине келип түшкөн виртуалдык активдин түзүү менен коштолуусу мүмкүн.

397-берене. Жалпы жоболор

1. Майнингге салык ушул главага ылайык салык салынууга жаткан иште карата

W

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в Налоговый кодекс Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

18 июня 2020 года

**Статья 1**

Внести в Налоговый кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., № 8, ст. 922) следующие изменения:

1) часть 6 статьи 31 дополнить пунктом 9 следующего содержания:

«9) налог на майнинг.»;

2) Кодекс дополнить главой 61 следующего содержания:

«Глава 61. Налог на майнинг

Статья 396. Понятия и термины, используемые в настоящей главе

В настоящей главе используются следующие понятия и термины:

1) **«Виртуальный актив»** – цифровое выражение стоимости, которая создается, хранится и обращается в электронной (цифровой) форме в качестве объекта гражданских прав и не является денежным средством (валютой), ценной бумагой или электронными деньгами, эмитируемыми в установленном порядке.

2) **«Майнинг»** – деятельность по осуществлению с помощью программно-технических средств вычислительных операций, обеспечивающих функционирование реестра блоков транзакций (блокчейна) посредством внесения в распределенный реестр (согласно заранее определенным правилам и принципам) информации о совершенных между пользователями операциях, требующая обеспечения непрерывным электроснабжением. Майнинг может сопровождаться созданием виртуального актива, поступающего во владение лица, осуществляющего майнинг, в качестве вознаграждения за подтверждение совершения операций в распределенном реестре.

төмөнкүлөрдүн ордуна ушул салыкты төлөө милдетин карайт:

1) пайдага салык;

2) салык салынуучу берүүлөргө КНС;

3) сатуудан салык.

2. Майнингте салык төлөөчү уюмдар жана жеке ишкерлер (мындан ары ушул главада – салык төлөөчүлөр) ушул Кодекске ылайык ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн салыктарды төлөөгө милдеттүү.

3. Салык төлөөчү ушул Кодексте белгиленген учурларда салык агенттеринин милдеттеринен бошотулбайт.

4. Иштин башка түрлөрү менен алектенген салык төлөөчүлөр ушул Кодексте белгиленген тартипте иштин ошол түрлөрү боюнча өзүнчө эсеп жүргүзүүгө, отчет берүүгө жана салык төлөөгө милдеттүү. Мында майнинг боюнча кеткен чыгымдар иштин башка түрлөрү боюнча жылдык жыйынды кирешеден чыгарып салууга кирбейт.

5. Салык төлөөчү салыктык катталган жери боюнча ушул майнингте салыкты төлөөчү катары салык органына арыз берүүгө милдеттүү.

398-берене. Салык салынуучу объект

Майнингте салык салынуучу объект болуп майнинг саналат.

399-берене. Салык базасы

Майнингте салык салуу базасы болуп КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты кошо алганда, майнингде керектелген электр энергиясы үчүн эсептелген суммалар саналат.

400-берене. Салык ставкасы

Салыктын ставкасы 15 пайыз өлчөмүндө белгиленет.

401-берене. Салык мезгили

Майнингте салык үчүн салык мезгили болуп бир календардык ай саналат.

402-берене. Салыкты эсептөө тартиби

Салык төлөөчү ушул Кодекстин 37-беренесинде белгиленген тартипке ылайык салыкты өз алдынча эсептейт.

403-берене. Салык отчетун берүү. Салык төлөөнүн тартиби жана мөөнөтү

1. Салык төлөөчү төмөнкүлөрдү берүүгө милдеттүү:

1) отчеттук айдан кийинки айдын 20сынан кийинки күндөн кечиктирбестен салык отчетун;

2) Ушул Кодекстин 92-беренесинде белгиленген мөөнөттө бирдиктүү салык декларациясын.

2. Салык төлөөчү отчеттук айдан кийинки айдын 20сынан кийинки күндөн кечиктирбестен ай сайын салык төлөөгө милдеттүү.».



Статья 397. Общие положения

1. Налог на майнинг предусматривает обязанность уплачивать данный налог в отношении деятельности, подлежащей обложению согласно настоящей главе, взамен:

1) налога на прибыль;

2) НДС на облагаемые поставки;

3) налога с продаж.

2. Организации и индивидуальные предприниматели, уплачивающие налог на майнинг (далее в настоящей главе – налогоплательщики), обязаны уплачивать налоги, не указанные в части 1 настоящей статьи, в соответствии с настоящим Кодексом.

3. Налогоплательщик не освобождается от обязанностей налоговых агентов в случаях, установленных настоящим Кодексом.

4. Налогоплательщики, занимающиеся иными видами деятельности, обязаны вести раздельный учет, представлять отчетность и уплачивать налоги по данным видам деятельности в порядке, установленном настоящим Кодексом. При этом расходы, произведенные по майнингу, не относятся на вычеты из совокупного годового дохода по другим видам деятельности.

5. Налогоплательщик обязан подать заявление в налоговый орган как плательщик данного налога на майнинг по месту налоговой регистрации.

Статья 398. Объект налогообложения

Объектом обложения налогом на майнинг является майнинг.

Статья 399. Налоговая база

Базой обложения налогом на майнинг являются начисленные суммы за электроэнергию, потребленную при майнинге, включая НДС и налог с продаж.

Статья 400. Ставки налога

Ставка налога устанавливается в размере 15 процентов.

Статья 401. Налоговый период

Налоговым периодом для налога на майнинг является один календарный месяц.

Статья 402. Порядок исчисления налога

Налогоплательщик исчисляет налог самостоятельно в соответствии с порядком, установленным статьей 37 настоящего Кодекса.

Статья 403. Представление налоговой отчетности. Порядок и срок уплаты налога

1. Налогоплательщик обязан представлять:

1) налоговый отчет не позднее дня, следующего за 20 числом месяца, следующего за отчетным месяцем;

2) единую налоговую декларацию в сроки, установленные статьей 92 настоящего Кодекса.

2. Налогоплательщик обязан производить уплату налога ежемесячно, не позднее дня, следующего за 20 числом месяца, следующего за отчетным месяцем.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Ш. Жээнбеков**

Бишкек ш.
2020-жылдын 1-августу
№ 108



**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Ш. Жээнбеков**

г. Бишкек
1 августа 2020 года
№ 108